“БЕКИТЕМИН”
КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун директору, тарых илимдеринин доктору
_______________О.Т.Омурзакова

12-декабрь 2023-жыл

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун аспиранты, изденүүчү Бабакулова Рая Байназаровнанын 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары”** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясын талкулоо боюнча 2023-жылдын 8-декабрында өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институту менен биргеликте А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук, жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту менен биргеликте өткөрүлгөн кеңейтилген жыйнынын (№ 10 протокол)

**Raia Babakulova приглашает вас на запланированную конференцию: Zoom.Тема: Конференция Zoom Raia Babakulova Время: 08 дек. 2023 01:00 PM Asia/Bishkek Войти Zoom Конференция https://us05web.zoom.us/j/81536910983?pwd=VuAJxZeX575MDWtQjn4sJyCyhOhoF6.1 Идентификатор конференции: 815 3691 0983 Код доступа: nh8zsf**

## Б Ү Т Ү М Ү

**КАТЫШКАНДАР:** КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун директору, тарых илимдеринин доктору, профессор Т. Өмүрзакова, КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты, доцент Н. Султаналиева, философия илимдеринин доктору, профессор А.А. Бекбоев (онлайн), философия илимдеринин доктору М.С. Алымкулов (онлайн), философия илимдеринин доктору Д. Бейшеева (онлайн), философия илимдеринин кандидаты, доцент К. Эркинбеков (онлайн), философия илимдеринин кандидаты, доцент З.А. Алымкулов (онлайн), философия илимдеринин доктору А.Т. Балтабаева, философия илимдеринин доктору К.А. Курбанбаев, философия илимдеринин доктору К.А. Исаков, философия илимдеринин кандидаты, доцент А.К. Мурзакматов, философия илимдеринин кандидаты А.Ж. Боронбаев, философия илимдеринин кандидаты, доцент Ж.К. Итигулова, философия илимдеринин кандидаты Д.Ш. Азизова, философия илимдеринин кандидаты М.К. Карашева, ОшМУнун окутуучсу С.С. Бойтоева.

## КҮН ТАРТИБИ

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун аспиранты, изденүүчү Бабакулова Рая Байназаровнанын 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **"Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары"** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясын талкулоо.

**Курбанбаев К.А.:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү кеңейтилген жыйындын катышуучулары! Өзүңүздөргө маалым болгондой бүгүн биз изденүүчү Бабакулова Рая Байназаровнанын 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **"Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары"** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясын талкулайбыз жана атайын дисциплинадан кандидаттык минимум тапшыруу үчүн экзамендик билеттердин суроолорун карап чыгып бекитебиз. Алгач изденүүчү жөнүндө кыскача маалымат бил чн окумуштуу катчыга сөз берели.

**Султаналиева Н.:** Бабакулова Рая Байназаровна 1983-жылы 1-январында Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Кыргыз-Ата айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1989-2000-жылдар аралыгында Кыргыз-Ата айылындагы Тажибай атындагы орто мектепте билим алган.

2000-2005-жылдары Ош мамлекеттик университетинин орус филологиясы факултетинде окуп, жыйынтыгында адистин дипломуна ээ болгон. 2005-жылы ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинде улук лаборант болуп алгачкы эмгек жолун баштаган. 2007-жылы аталган факультетте методист, ал эми 2011-2020-жылдары ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинде окутуучулук кызматта иштей баштаган.

2014-216-жж. "Регион таануу" багыты боюнча ОшМУнун магистратурасын артыкчылык диплому менен аяктаган.

2021-жылдан бүгүнкүгө чейин ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин Росссия жана Евразия интеграциясы бөлүмүнүн аймак таануу программасынын улук окутуучусу болуп эмгектенип келүүдө.

Үй-бүлөөлүү, төрт баланын энеси.

Илимий жетекчиси философия илимдеринин доктору, ОшМУнун философия жана политология кафедрасынын профессору Исаков К.А.

**Курбанбаев К.А.:** Анкеталык маалымат боюнча суроолор барбы?

**Жыйындын катышуучулары:** - Жок.

**Курбанбаев К.А.:** Анда алгачкы сөздү изденүүчүгө берели.

**Бабакулова Р.Б.:** Урматтуу жыйындын төрайымы! Урматтуу агай-эжекелер! Сиздердин кароонузларга биздин илимий ишибиздин жыйынтыгы

болгон 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары”** аттуу темадагы кандидаттык диссертациянын кол жазмасы сунуш кылынат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Учурда кыргыз коомчулугунда дүйнө таанымдан баш тарткан муундар, нарк системасынын бузулушу этникалык жана социалдык идентификацияга коркунуч келтирүүдө. Дал ушундай коомдун өткөөл мезгилдеринде – доордун, замандын, муундардын өзгөрүүсү, салт байланышынын бузулуусуна алып келет. Мындай кырдаалда "адам – коом – маданият” үчилтигинин өз ара мамилеси катары белгилер, символдор, коддор аркылуу түшүнүү жагдайы күндөн-күнгө өсүп өнүгүүдө. Бул контексттен алып караганда маданият символикалык чөйрө катары көрүнөт жана символикалык реалдуулук – маданияттын терең руханий мазмуну, рухий чындыкты түшүндүрүүнүн универсалдуу жолу катары ачып берүү адамдын табиятын жана анын дүйнөдөгү ордун түшүнө алабыз. Ушуга байланыштуу - философия, анын предмети, дүйнө сүрөттөлүшү жана көз караштардын жана идеялардын системасын билүү жолдору, баалуулуктар жана идеалдар, символдор жана архетиптер, салттар системалуу бир бүтүн катары философиялык түшүнүүнүн негиздери, өзгөчөлүктөрү, катылган символикалык маанилер коомдук-гуманитардык багыттардын өкүлдөрүнүн кызыгуусун туудурат.

Изилдөөнүн дагы бир актуалдуулугу философиянын семиологиялык аспектисин аныктоо, анын маданий функцияларын жана маданияттын илим, искусство, дин жана философиялык окууларды классификациялоо маселесин кароодо да абдан актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациялык иштин негизги максаты** семиологялык концепт-идеялардын генезисин, табиятын жана эволюциясын тарыхый-логикалык өңүттөн анализге алуу менен, анын методологиялык, классикалык жана улуттук мүнөзгө ээ болгон маани-маңызын илимий назарияттын элегинен өткөрүү болуп саналат.

Аталган максатты жетишерлик деңгээлде ишке ашырууга багытталган диссертациялык изилдөөдө төмөнкү милдеттери аныкталган жана аларды чечүү талап кылынды:

- Семиологиянын теориялык жактан аңдоонун жалпыланган концептерин изилдөөгө алган илимий эмгектерге анализ берүү менен жана алар теориялык булак катары конкреттүү ойлом материалдарынын негизинде аныктоого алган алгылыктуу учурларын ачып көрсөтүү;
- Семиологиянын тарыхый-логикалык табиятын жана алардын концептуалдык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- Символ жана белгилердин семантикалык деттерминанттарын жана алардын диалектикалык мүнөзүн методологиялык жана илимий-теориялык реконструкцияларын гуманитардык таризде талдоого алуу;

- Семиологиядагы тилдик универсалдуулуктун коммуникативдүү табиятын логкалык жана философиялык аспектиде маңызын изилдөөгө байланыштуу айрым маселелерди конкреттештирүү;
- Кыргыздардын салттуу маданияттындагы символдуулуктун семантикасынын өзгөчө мүнөзгө ээ болгон жагдайларын тактоо;
- Кыргыздардын рухий тажырыйбасындагы лексеманын (сөз өнөрчүлүктүн) жана эпикалык феномендердин семиологиялык өзгөчөлүктөрүнүн философемалык мүнөзүн тактоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** катары илимий иште негизинен алгачкы ирет буга чейинки изилдөөлөрдөн айрымаланып семиологиялык концептер тарыхый-логикалык рефлексияда талдоого алынды, ошондой эле бул иште жалпы социофилософиялык (дүйнө караштык) жоболор тарыхый-логикалык концептер менен тыгыз байланыштырылып каралып, идеялык жана гуманисттик компонент-философемалардын мазмунун далилдүү негиздер аркылуу айкындоого аракеттер жасалды. Диссертациялык иштин жаңылыгы иретинде төмөнкү жоболор аныкталды:

- Семиологиянын теориялык жактан аңдоонун жалпыланган концептерин изилдөөгө алган илимий эмгектерге анализ берүү менен алар теориялык булак катары конкреттүү ойлом материалдарынын негизинде аныктоого алган алгылыктуу жагдайлары анализге алынды;
- Семиологиянын тарыхый-логикалык табияты жана алардын концептуалдык өзгөчөлүктөрү илимий фактылардын, аргументтердин негизинде далилденди;
- Символ жана белгилердин семантикалык деттерминанттары жана алардын диалектикалык мүнөзү методологиялык жана илимий-теориялык реконструкциялары гуманитардык таризде тарыхый-логикалык жактан дагы бир ирет илимий проекциядан өттү;
- Семиологиядагы тилдик универсалдуулуктун коммуникативдүү табияты логикалык жана философиялык мааниси тарыхый-философиялык жана илимий методологиялык жагдайдан каралды;
- Кыргыздардын салттуу маданияттындагы символдуулуктун семантикасынын өзгөчө мүнөзгө ээ болгон жагдайларынын дүйнөкараштык маңызынын өзгөчөлүктөрү аныкталды;
- Кыргыздардын рухий тажырыйбасындагы лексеманын (сөз өнөрчүлүктүн) жана эпикалык феномендердин семиологиялык өзгөчөлүктөрү философемалык мүнөзү тарыхый-логикалык ойлом материалдары такталды.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор.** Семиологиялык идеялардын жана теориялык концепцияларынын негизинде тарыхый-логикалык анализдөө изилдөөнүн төмөнкү коргой турган жоболорун белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзөт:

1. Семиологиянын калыптануусу өткөн кылымдын 60-жылдарынын экинчи жарымына жана 70-жылдардын биринчи жарымына туура келет. Дал ушул жылдары Тарту шаарында «Труды по знаковым системам» сериялуу жыйнагы чыгып, анда “Новое в лингвистике”, “В вопросах философии”

чыгарылыштарында жана башка илимий басылмаларда семиологиялык жана семиотикалык проблемаларга арналган ары кызыктуу, ары пайдалуу макалалар, илимий эмгектер жарыкка чыгып турган. Ошол мезгилдерде семиология предметине талдоо жүргүзүүгө жана семиотикалык ыкмалардын жана методдордун өзгөчөлүктөрүнө чоң көңүл бурула башталган. Буга мисал катары "Вопросы философии" журналына чыккан И.И. Ревзиндин "От структурной лингвистики к семиотике", Г.П. Щедровицкий менен В. Н. Садовскийдин "К характеристике основных направлений исследования знака в логике, психологии и языкознании" ж.б. макалаларын келтирүүгө болот. Дал ушуга окшогон көптөгөн эмгектер Россияда жана башка өлкөлөрдө семиологиялык изилдөөлөрдүн башатын түзүүгө негиз болду.

2. Белгилер жөнүндөгү тарыхый жактан пайда болгон концептер, көз караштар: семиология теориясы (Пирс, Моррис), белги системалар теориясы (Соссюр, Ельмслев), тесттин теориясы (Барт, Кристева), түрдүү типтердеги белги системаларына салыштырма анализ (Бенвенист, Лотман, Эко) ж.б.у.с. көптөгөн концепциялар жаралды. Бул концепциялар альтернативдик мүнөздө деп бааланганы менен алардын биринен экинчисине өтүшү же аралаш түрдө колдонулушу изилдөөгө алынган предметтин түрдүү касиеттерине жана өзгөчөлүктөрүнө негизделет.

3. Учурда адам баласынын күндөлүк турмуш-тиричилиги символдорго жана белгилерге жык толгон, ошондуктан К. Леви-Стросс символдордон жана белгилерден адамдын акыл-эси жетпеген түшүнүктөргө, Аалам түзүмүндөгү түшүнүккө карай жолду таптым деген философиялык ойду айткан.

4. Тилге логико-семантикалык анализ жасоо (логикалык семантика) логикалык изилдөөлөрдүн өзгөчө бир багыты катары XX кылымдын 20-30-жылдарында Г. Фрегенин, Б. Расселдин, Л. Витгенштейндин, А. Тарскийдин, Р. Карнаптын жана башкалардын эмгектеринде калыптана баштаган. Аталган философтор тилди металогиканын негизинде семантикалык, синтаксистик жана прагматикалык аспектилерде изилдөөгө алышкан. Ар бир тилдин (ирилешкен тилдердин) сүйлөмдүк курулушу жана курамдык бөлүктөрү ар түрдүүчө болот. Мисалы, түрк тилдеринде этиш-баяндооч дээрлик дайыма сүйлөмдүн аягында келет. Бирок, башка сүйлөм мүчөлөрүн-кептик бирдиктерди да өз орду менен коюу, аларга мүчөлөрдү туура улоо зарыл. Демек, бул жерде конкреттүү сөздөр гана эмес, өз алдынча эч кандай мааниге ээ болбогон мүчөлөр да белгилик мааниге ээ деп жыйынтык чыгарууга болот.

5. Башка элдерге салыштырмалуу кыргыздар символдук белгилерге жана ишенимдерге көбүрөөк көңүл бурат десек жаңылышпаган болор элек. Буга кыргыздардагы адам аттары эң сонун мисал, мурда сапаттуу медицинанын дээрлик жоктугунан бала өлүмү көп болуп, балага көз тийбесин деп Тезекбай, Итибай, Токтокүчүк, Байдөбөт, Тешебай, Балтабай, деген сыяктуу аттарды коюшкан. Орунбай, Орунгүл апасынан курсакта калган уул, кызга же акыркысы болсун деп коюлса, Кенжебек, Кенжайым, Болдукан деген аттар көп балалуу болуп, нак эле акыркысы болсун деген тилекте коюлган. Жалаң кыз болуп, уул тилеген үй-бүлө кыздарына Уулкан,

Бурул, Үмүт, Улболсун, Жаңыл деген сыяктуу аттарды коюшкан. Жогоруда аталып кеткен аттарды биз жаңы туулган балага коюлган үмүттүү белги, символдук каалоо десек жаңылышпайбыз.

6. Кыргыз элинин рухий тажырыйбасында жана оозеки чыгармачылыгында жазгыч жана төкмө акын, манасчылар көптөгөн чыгармаларды калтырышкан жана алардын чыгармалары жыйнактарга киргизилген. Кошок айтуу салты кыргыздарда эзелтеден бери болуп келген. Уламыштар боюнча Калыгул олуя сыктуулар окуяны алдын ала билген деп айтылып келет, бирок анын чын-төгүнүн далилдөө оңой жумуш эмес. Тыныбек, Саякбай, Сагынбай баш болгон манасчылар “Манас” айтып калууларын түрдүү окуялар менен баланыштырышат. Бири жоокерлер дем алып отурган өргөгө кокусунан туш келип калып, Каныкейдин колунан кымыз ичишкен болсо, биринин оозуна уктап жатканда кызырлар кум сыяктуу куюлган нерсени (алардын түшүнүгү боюнча кутту) куюп жиберишет, башка бирөөнү Бакай “Манас” айтасың деп катуу-катуу айтып демиткен жана ушул сыяктуулар. Биздин оюбузча, булардын бардыгы манасчылыкка катуу берилип жана ага биротоло кызыгып алгандар туш болгон галюцинация.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана курамы.** Жалпы көлөмү 180 беттен турган диссертациялык иш изилдөөнүн максаттары, милдеттерине шайкеш келет жана илимий иштин негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан, алты параграфтан, корутунду бөлүмүнөн, 211 аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Ал эми диссертациянын корутунду бөлүмүндө** изилдөөнүн мазмунунда камтылган конкреттүү-тарыхый ойлом материалдарды жалпылоонун негизинде түзүлгөн концептуалдуу ой-бүтүмдөр, жыйынтыктар жана жоболор чагылдырылды.

**Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!**

**Курбанбаев К.А.:** Илимий иш тууралуу кыскача өзөктүк маалыматты уктук, эми суроолорго өтөлү. Кимде, кандай суроолор бар?

**Балтабаева А.Т.:** Семиология менен семиотиканын айырмасы эмнеде?

**Бабакулова Р.Б.:** Бүгүнкү күндө “семиотика” белгилер жөнүндөгү билимдин бүткүл тармагын, анын ичинде алардын спецификалык сыпаттамаларын да, жалпылоонун ар кандай деңгээлдериндеги белги байланыштарынын табиятын түшүндүргөн теорияларды билдирет. Семиотиканын алкагында жалпыланган үч деңгээлин белгилөө зарыл: “семиографиялык”, “семиологиялык” жана “семиософиялык”. Булардын баарысы бир маанидеги түшүнүктөр.

**Итигулова Ж.К.:** Бул маселе боюнча алгачкылардан болуп кимдер изилдешкен?

**Бабакулова Р.Б.:** Семиотика XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында пайда болгон. Семиотиканын негиздөөчүлөрү - америкалык философ жана логик Чарльз Сандерс Пирс жана швейцариялык лингвист Фердинанд де Соссюр. Адатта, жаңы терминдерди түзүүнү абдан жакшы көргөн Пирс биз «семиотика» терминине милдеттүүбүз деп эсептешет (бирок

чындыгында бул терминди Локк өзүнүн «Адамдардын түшүнүгү жөнүндө эссесинин» акыркы саптарында сунуштаган). Соссюр жаңы илимге «семиология» деген ат берген, ал теориялык лингвистикада кеңири тараган. Ушул аракеттер изилдөөнүн башатын түзгөн.

**Курбанбаев К.А.**:Дагы кимде кандай суроолор бар? Анда суроолор жок болсо сөз изденүүчүнүн илимий жетекчиси философия илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору К.А. Исаковго берилет.

**Исаков К.А.:** Урматтуу кесиптештер! Илимий иште негизинен семиологиянын мазмуну тарыхый-логикалык жактан талдандып, ошондой эле буга чейинки изилдөөлөрдөн айрымаланып, бул иште жалпы социофилософиялык (дүйнө караштык) жоболор семиотикалык концептер менен тыгыз байланыштырылып каралып, семиология илиминин философемалык формалары далилдүү айкындоого аракеттер жасалды. Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси тарыхый-логикалык жобого ылайык, жалпыланып, изилдөө процессинде алынган материалдар, ошондой эле натыйжалар семиология, семиотика жана алардын философемалык формалары менен байланышкан маселелерди талдоодо колдонулушу ыктымал. Белгилер жана символдор аркылуу инсанды тарбиялоодо чоң милдетти аткарып, антигуманисттик терс көрүнүштөр жана тенденциялар менен күрөшүүдө өзгөчө мааниге ээ болгондуктан, бул категорияны ар тараптуу жана комплекстүү иликтөөгө алуу теориялык маанилүү жумуштардын бири болуп саналат.

Диссертациянын практикалык мааниси болсо, биздин изилдөөбүздө берилген тыянактар, сунуштар философиянын тарыхы, эстетика илиминдеги жана кыргыз философиясынын тарыхындагы илимий-теориялык бөксөлүктү толтуруп, аталган илимдер боюнча жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, ошондой эле аспиранттардын, магистранттардын, изденүүчүлөрдүн жана ушул тармакка кызыккандардын изилдөөлөрүндө пайдаланылат деген ойдобуз.

**Балтабаева А.Т.:** Тема актуалдуу, структура да логикалык жактан туура түзүлгөн, Иш техникалык жактан жакшы иштелип чыккан. Бирок, кээ бир стилистикалык кемчиликтер да бар. Негизинен Р. Бабакулованын кандидаттык диссертациясын коргоого сунуш кылууга болот.

**Курбанбаев К.А.:** Мен жогоруда айтылган сөздөрдү кайталап олтурбайын. Негизи иштин техникалык формасы жакшы түзүлгөн. Өзгөчө кемчиликтер байкалбайт. Эми мен бул иштин бышып жетилиши үчүн айрым урунттуу жерлерине токтолуп кетейин.

- Илимий иште айрым стилистикалык жана грамматикалык каталарга жол берилген. Буга диссертант сөзсүз көңүл буруусу зарыл;
- Биринчи главанын 1,2-параграфтарындагы шилтемелерди (ссылкалар) карап чыгуу керек.

Ушул кемчиликтерди карап чыкса иш илимий жактан бир топ бышып жетилет деп ойлойм. Ошондой эле мен да диссертантка ийгилик калоо менен анын кандидаттык диссертациясын коргоого сунуш кылам.

**Боронбаев А.Ж.:** Диссертация менен объективдүү себептерге байланыштуу толугу менен таанышып чыгууга мүмкүнчүлүк болбоду. Ошентсе да, үстүрттөн бир аз карадым. Негизинен техникалык жактан жакшы иштелген. Мен да жогорудагы ой-пикирлерге толугу менен кошулуп, бул илимий эмгекти коргоого сунуштаар элем.

**Итигулова Ж.К.:** Өлкөбүздөгү демократиялык процесстер коомубуздун рухий чөйрөсүнө өз таасирин тийгизбей койгон жок. Семиология – интегративдик, көп кырдуу түшүнүк. Ал бир нече тарыхый-философиялык маани-мазмунга ээ. Семиосфера – жок деген принцип боюнча уюштурулган маанини өндүрүү мейкиндиги бир белги, организм, текст же маданият өзүнчө болушу мүмкүн - ал ар дайым башка белгини, текстти, маданиятты талап кылат. Чындыгында бүгүн жаштарыбыз билимден оолак, китеп окушпайт. Айрым маалыматтарга караганда жаштар коддор, белгилер жанан символдорду кийинки учурларда кеңири пайдаланыша башташты. Ошондуктан мен ойлойм диссертациялык иш бүгүнкү күндүн талабына толугу менен жооп берет деп. Менин оюмча бул ишти коргоого толугу менен сунуштасак болот.

**Курбанбаев К.А.:** Урматтуу жыйындын катышуучулары! Ушуну менен талкууну токтотсок. Кандай дейсиздер? Урматтуу изденүүчү эгер сизде сөз болсо, кыскача айтсаңыз.

**Бабакулова Р.Б.:** Урматтуу агайлар-эжекелер! Бүгүнкү жыйында айтылган сын-пикирлерди, каалоо-тилектерди, баалуу кеп-кеңештерди биз сөзсүз эске алып илимий иштин мындан ары да теориялык-методологиялык жагдайларын карап чыгабыз. Убакыт бөлүп ишти карап чыгып, баалуу кеңештерди бергениңиздер үчүн чоң ыраазычылык билдирем.

**Курбанбаев К.А.:** Урматтуу кесиптештер! Диссертантант жогоруда айтылган кемчиликтерди, сунуштарды, каалоо-тилектерди эске алат деп ишенебиз. Анда сиздердин уруксатыңыздар менен ачык коргоого сунуштоо маселесине добуш берүүңүздөрдү суранам. **Макул**-баары, **Каршы**-жок, **Калыс**-жок.

Изденүүчү Бабакулова Рая Байназаровнанын **“Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары”** 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоонун жыйынтыгы боюнча бүгүнкү кеңейтилген жыйындын корутундусун жана токтомун бекитип койсок.

## К О Р У Т У Н Д У

**Теманын актуалдуулугу.** Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу негизинен илимий-теориялык мүнөзгө ээ. Бул эмгек семиологиянын философемалык формаларын же семиотика сыяктуу илимдин тарыхый-логикалык илимий жагдайын назар салган теориялык иш болуп саналат.

Анын дагы бир актуалдуулугу философиянын семиологиялык аспектисин аныктоо анын маданий функцияларын жана анын маданияттын илим, искусство, дин жана философиялык окууларды классификациялоо маселесин кароодо да абдан актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Илимий иште негизинен алгачкы ирет буга чейинки изилдөөлөрдөн айрымаланып семиологиялык концептер тарыхый-логикалык рефлексияда талдоого алынган, ошондой эле бул иште жалпы социофилософиялык (дүйнө караштык) жоболор тарыхый-логикалык концептер менен тыгыз байланыштырылып каралып, идеялык жана гуманисттик компонент-философемалардын мазмунун далилдүү негиздер аркылуу айкындоого аракеттер жасалган.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациянын материалдары, изилдөө процессинде алынган негизги жоболор менен корутундулар ЖОЖдордун, колледждердин окутуучулары тарабынан гуманитардык дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды, атайын курстарды иштеп чыгууда колдонулат. Ошондой эле диссертациянын практикалык мааниси болсо, биздин изилдөөбүздө берилген тыянактар, сунуштар философиянын тарыхы, эстетика илиминдеги жана кыргыз философиясынын тарыхындагы илимий-теориялык бөксөлүктү толтуруп, аталган илимдер боюнча жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, ошондой эле аспиранттардын, изденүүчүлөрдүн жана ушул тармакка кызыккандардын изилдөөлөрүндө пайдаланылат деген ойдобуз.

**Диссертацияга ылайык келген адистик.** Илимий иш семиологиянын тарыхый-логикалык маңызын жана философемалык формаларын иликтөөгө алган. Ошондуктан диссертациянын мазмуну 09.00.03-философиянын тарыхы адистигине ылайык келет.

**Автордун илим изилдөөнүн жыйынтыгына айкын катышуусу жана иштин ишеничтүүлүгү.** Диссертациялык иш автор тарабынан өз алдынча аткарылган. Ал семиологиянын тарыхый-логикалык маңызын жана философемалык формаларын изилдөөгө алган үзүрлүү эмгектин натыйжасы болуп эсептелет. Илимий иш бай илимий материалдардын негизинде автор тарабынан ишенимдүү ачылып берилген. Жүргүзүлгөн изилдөө ишинин баалуулугун автор тарабынан сунушталган жоболордун практикада колдонуу мүмкүнчүлүктөрү тастыктайт. Диссертациялык иштин негизинде апробацияланган практикалык аракеттер, ишти талкуулоо учурунда айтылган илимпоздордун илимий ишке карата берген баалары бул проблеманын негизинде жүргүзүлгөн илимий ишинин ишеничтүүлүгүн ырастайт.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана курамы.** Жалпы көлөмү 182 беттен турган диссертациялык иш изилдөөнүн максаттары, милдеттерине шайкеш келет жана илимий иштин негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан, алты параграфтан, корутунду бөлүмүнөн, 211 аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институту жана А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук, жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту менен биргеликте өткөрүлгөн кеңейтилген жыйыны күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып токтом кылат:

**Т О К Т О М**

1. Изденүүчү Бабакулова Рая Байназаровнанын **“Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары”** аттуу 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн изденип жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына толугу менен жооп берген иш деп табылсын.

2. Изденүүчү Бабакулова Рая Байназаровнанын **“Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары”** аттуу кандидаттык диссертациясы 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча ачык коргоого сунушталсын.

**Кеңейтилген жыйындын төрагасы,**
**ф.и.д.** **Курбанбаев К.А.**

**Кеңейтилген жыйындын катчысы,**
**КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн**
**гуманитардык жана аймактык**
**изилдөөлөр институтунун**
**окумуштуу катчысы, э.и.к.** **Н. Султаналиева**

**Атайын адистиктен (философиянын тарыхынан)**
**кандидиаттык минимумдун экзамендик**
**суроолору**

1. Философиянын тарыхын доорлорго бөлүштүрүүнүн жаңы критерийи.
2. Байыркы Кытай философиясы.
3. Конфуций философиясы жана идеологисы.
4. Байыркы Кытайдагы Даоцизм философиясы.
5. Байыркы Индия философиясы.
6. Байыркы грек философиясынын өзгөчөлүктөрү.
7. Ор кылымдардагы чыгыш философиясы.
8. Орто кылымдагы Батыш философиясынын спецификалык мүнөзү.
9. Кайра жаралуу доорундагы философия.
10. Жаңы мезгил философиясы. Эмпиризм жана рационализм.
11. Франциядагы агартуучулук философия.
12. Классикалык-немец философиясынын өзгөчөлүгү.
13. Мраксистик философиянын пайда болуш жана өнүгүшү.
14. XX-кылымдагы философиянын мүнөздүү белгилери.
15. Джон Лок семиологиянын маани-маңызы жөнүндө.
16. В. Лейбництин семиотика жана семиологияга кошкон салымы.
17. Ч. Пирстин семиологиялык концепциясы.
18. Соссюрдун семилогияны изилдөөгө алган лингвистикалык аракеттери.
19. Семиотика жана семиология боюнча орус окумуштууларынынын аракеттери.
20. Белги жана эн тамгалар жөнүндө кыргыз ойчулдарынын илимий эмгектери.